**Б Е К И Т Е М**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окуу иштери боюнча проректору, т.и.д., профессор А.Ш.Алимбаев**

**_______________________________**

**"____"______________________2023-ж.**

**ЭЛЕКТИВДҮҮ КУРСТАРДЫН КАТАЛОГУ**

| К/№ | Мамлекеттик стандарттагы дисциплинанын аталышы | Кредиттин саны | Дисциплинанын кыскача мазмуну |
|---|---|---|---|
| 1. | Башталгыч мектепте окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү | 2 | **1.Дисциплинаны окутуунун максаты:**<br>-Жогорку окуу жайлардын педагогикалык билим берүү багытында окуган студенттерге башталгыч класстардагы окуунун беш базалык компонентин натыйжалуу окутуу. Башталгыч класстын окуучуларында беш базалык компонент боюнча окуу көндүмдөрүн калыптандыруу.<br>**Милдеттери:**<br>-окууну үйрөтүү көп кырдуу, татаал процесс экендиги жана ал китеп окуганды жаңы үйрөнүп баштаган окуучуга кыйынчылык жаратаары жөнүндө түшүнүгүн кеңейтүү;<br>-окууну үйрөтүүдө беш базалык компоненттин маанилүүлүгү жана алардын ортосундагы тыгыз карым-катыш жөнүндө маалымат берүү;<br>-окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча натыйжалуу стратегиялар менен тааныштыруу;<br>-окуунун беш базалык көндүмү боюнча көнүгүүлөрдү практикада колдоно билүү;<br>-окутуу тартибин нисанга багытталган негизде, активдүү окутуу ыкмаларын, натыйжалуу кайтарым байланышка жана калыптандыруучу баалоого ылайыктап өзгөртүүнү калыптандыруу;<br>-оозеки кепте, окууда жана жазууда "сөзгө бай" чөйрөнү уюштура билүү жана максаттуу пайдалануу;<br>-окуунун беш базалык көндүмдөрүн баалоо куралдарын практикада колдонуу; |

**Б Е К И Т Е М**

**Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин окуу иштери боюнча проректору,**
**т.и.д., профессор А.П.Алибаев**

**________________________________________**

**“______“________________________2023-ж.**

## ЭЛЕКТИВДҮҮ КУРСТАРДЫН КАТАЛОГУ

| К/№ | Мамлекеттик стандарттагы дисциплинанын аталышы | Кредиттин саны | Дисцилинанын кыскача мазмуну |
|---|---|---|---|
| 1. | Башталгыч мектепте окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү | 2 | **1.Дисциплинаны окутуунун максаты:**<br>-Жогорку окуу жайлардын педагогикалык билим берүү багытында окуган студенттерге башталгыч класстардагы окуунун беш базалык компонентин натыйжалуу окутуу. Башталгыч класстын окуучуларында беш базалык компонент боюнча окуу көндүмдөрүн калыптандыруу.<br>**Милдеттери:**<br>-окууну үйрөтүү көп кырдуу, татаал процесс экендиги жана ал китеп окуганды жаңы үйрөнүп баштаган окуучуга кыйынчылык жаратаары жөнүндө түшүнүгүн кеңейтүү;<br>-окууну үйрөтүүдө беш базалык компоненттин маанилүүлүгү жана алардын ортосундагы тыгыз карым-катыш жөнүндө маалымат берүү;<br>-окуу көндүмдөрүн өркүндөтүү боюнча натыйжалуу стратегиялар менен тааныштыруу;<br>-окуунун беш базалык көндүмү боюнча көнүгүүлөрдү практикада колдоно билүү;<br>-окутуу тартибин инсанга багытталган негизде, активдүү окутуу ыкмаларын, натыйжалуу кайтарым байланышка жана калыптандыруучу баалоого ылайыктап өзгөртүүнү калыптандыруу;<br>-оозеки кепте, окууда жана жазууда “сөзгө бай” чөйрөнү уюштура билүү жана максаттуу пайдалануу;<br>-окуунун беш базалык көндүмдөрүн баалоо куралдарын практикада колдонуу; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | -башталгыч класстар үчүн окуу боюнча кошумча материалды классификацияны өздөштүрүү;<br>-окуу-методикалык материалдар менен иштей алуусун жана теориялык жоболорду жалпылап, талдай алуусун калыптандыруу.<br><br>**2.Дисциплинанын негизги билим берүү программаларын (НББП) курамындагы орду:**<br>Бул дисциплина 7-семестрде 2 кредит (30 саат) өлчөмүндө окутулат. “Башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү” дисциплинасын окуп-үйрөнүүдө педагогика, психология, кыргыз тилин окутуунун усулу, адабий окууну окутуунун усулу, түшүндүрүп окутуу предметтеринин түшүнүктөрү негиз болот. Студенттердин усулдук предметтерден алган билимдери, социалдык көндүмдөрү, билгичтиктери чоң мааниге ээ. Дисциплина келечектеги башталгыч класстардын мугалими адистиктеги окуган студенттердин кесибине профессионалдык даярдык көрүүгө база болот.<br>**3.Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына ээ болгон талаптар:**<br>Дисциплинаны окутуу процесси төмөнкү компетенцияларды калыптандырууга багытталган:<br>**-Жалпы илимий (ЖИК):**<br>-азыркы мезгилдеги билимдердин (концепциялар, теориялар, методдор, техникалар) ар кандай тармактагы базасын өздөштүрөт жана аларды толуктоого жөндөмдүү (ЖИК-2);<br>-максат коюу жана  ийгиликке жетишүүнүн жолдорун тандоого, маалыматтарды жалпылоого жана талдоого, кабыл алууга (ЖИК-5);<br>**-Инструменталдык (ИК):**<br>-маалыматты жыйноо, сактоо жана иштеп чыгуу боюнча негизги методдорду, ыкмаларды жана каражаттарды билет, компьютер менен иштөө көндүмүнө ээ (ИК-1);<br>-педагогикалык процессте бардык субьекттердин, позитивдүү жана констркутивдүү, инсандар аралык мамилелерди уюштурууга катышуу жана башкарууга (ИК-4);<br><br>**-Социалдык-инсандык жана жалпы маданияттуулук (СИЖМК);**<br>-мектеп коомчулугунда инсан аралык толеранттуу жана кесипкөй мамилени түзө |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | алат;<br>-өзүнүн жетишкендиктерин жана жетишпеген жактарын баалоого, сындоого, ийгиликке, өнүгүүгө жетишүүнүн жолдорун, каражаттарын тандоого, кемчилдиктерин жоюуга (СИЖМК-4);<br>**-Кесиптик компетентция (КК):**<br>-сабактар үчүн окуу куралдарын жана дидактикалык материалдарды өз алдынча пландап жана иштеп чыга алат (КК-5);<br>-окуу-тарбия процессинин сапатын камсыз кылуу үчүн азыркы кездеги методиканы, технологияларды, окуучулардын жетишкендиктерин диагноздоонун методдорун колдонууга даяр (КК-10);<br>-балдардын жаш жана жеке өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле өзгөчө билим берүү талаптарын эске алуу менен бирдиктүү иш-аракет жүргүзөт (КК-12);<br>-сүйлөө кеби бузулган адамдар менен карым-катнаш түзүүнү уюштурууда жана кызматташтык түзүүдө психологиянын өзгөчөлүктөрүн жана билимдин мыйзам ченемдүүлүктөрүн пайдаланууга мүнөздүү (КК-29)<br>**4.Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент**<br>**Билимге ээ болот:**<br>-Башталгыч жалпы билим берүүнүн мазмунун илимий негиздерин, азыркы педагогиканын жетишкендиктерин жана проблемаларын билет;<br>-окууну үйрөтүүдө беш базалык компоненттин маанилүүлүгүн, алардын ортосундагы тыгыз карым-катышты түшүнөт;<br>-башталгыч кластардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн өнүктүрүүнүн натыйжалуу стратегияларынын ролун жана өзгөчөлүктөрүн билет;<br>-окуучуларга жаш курагына жана классына ылайыктуу окуу материалдарын берүүнүн маанилүүлүгүн түшүнөт.<br>**Билгичтикке ээ болот:**<br>-окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча түрдүү практикалык көнүгүүлөрдү, стратегияларды талдай алат жана практикада колдонот;<br>-окуунун беш базалык көндүмдөрүн баалоо куралдарын колдонот.<br>**Көндүмгө ээ болот:**<br>-студент жалпы билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык билим берүү процессине талдоо жүргүзүү көндүмүнө ээ болот. |
| 2. | Башталгыч билим берүүнүн | 4 | **1.Дисциплинанын окутуунун максаты:** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | дидактикасы | | Бүгүнкү күндөгү билим берүүнүн актуалдуу проблемаларды талдап үйрөнүү, педагогикалык ишмердүүлүктөгү көйгөйлүү маселелер менен таанышуу, чечмелей билүү, окутуу процессиндеги дидактикалык маселелердин заманбап технологияларга ылайык чечилишин үйрөнүү, мектептеги актуалдуу маселелерди чечүү жолдорун билүү, окуучулардын өз алдынчалуулугун жана топтор менен иштөө ыктарын өздөштүрүү.<br><br>**Дисциплинаны окутуунун милдеттери:**<br>-курстун теориялык актуалдуу маселелери менен тааныштыруу;<br>-башталгыч билим берүүнүн көйгөйлүү маселелер менен таанышуу;<br>-окутуунун жаңы моделдери жана тарбиялоодогу жаңы ыкмалардын жалпылыктарын үйрөнүүсү;<br>-мектептердеги билим берүүнү уюштуруудагы проблемалар менен таанышуусу;<br>-мугалимдин ишмердүүлүгүндөгү актуалдуу маселелердин чечилишин тануусу;<br>-башталгыч класстын окутуу процессиндеги көйгөйлүү маселелер менен таанышуусу;<br>-окуучулардын жөндөмү жана топ менен иштөө маселесин талдап үйрөнүүсү;<br><br>**3.Дисциплинанын негизги билим берүүчү программанын (НББП) курамындагы орду:**<br>Башталгыч билим берүүнүн дидактикасы дисциплинасы кесиптик цикл боюнча вариативдүү бөлүктүн студенттин тандоо курсунан орун алып (Б.3.КПВ.1) 5-6-семестрлеринде 5-5 кредит өлчөмүндө окутулат.<br>*Дисциплинанын пререквизити*: Бул дисциплина студенттин 2-3-4-семестриндеги “Педагогика”, “Дисциплинаны окутуунун методикасы”, “Башталгыч мектепте математиканы инсанга багыттап окутуу” курстары боюнча алган билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн пайдаланууга шарт түзүү менен “Башталгыч билим берүүнүн теориялык негиздери” дисциплинасын өздөштүрө алат.<br>*Дисциплинанын постреквизити*: Башталгыч билим берүүнүн дидактикасы дисциплинасында алган билимдеринин кеңейтилген таризде үйрөнө алуу мүмкүнчүлүгү бар. Өзгөчөлүгү мында башталгыч билим берүүдөгү маселелер гана каралат. Башталгыч класстын окуу пландарынын мазмунун, окуу программаларын, календардык тематикалык пландарды түзүү жолдорун, план структураны заман |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | талабына ылайык жазуунун ыктарын, сабакта колдонулуучу интерективдүү методдорду мыкты өздөштүргөн адис катары калыптандырууда негизги предмет болуп саналат.<br><br>**4.Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына болгон талаптар:**<br>Дисциплинаны окутуу процесси төмөнкү компетенцияларды калыптандырууга багытталган:<br>• **Жалпы илимий (ЖИК):**<br>-илимий негизделген окутуунун заманбап технологияларын окуучулардын жетишкендиктерине, муктаждыктарына ылайык билим берүү процессинин ишин пландаштырууга жана ишке ашырууга жөндөмдүү (ЖИК-2);<br>• **Инструменталдык (ИК):**<br>-жаңы кырдаалды жана анын жагдайларын баалайт, ага адаптацияланат (ИК-5)<br>• **Социалдык-инсандык жана жалпы маданияттуулук (СИЖМК):**<br>-мектеп коллективинин деңгээлинде толеранттуу карым-катнаш жана профессионалдык мамиле түзө алат (СИЖМК-1);<br>• **Кесиптик компетенция (КК):**<br>-окуучуларды ар түрдүү маалымат булактарын колдонуу менен өз алдынча теманын үстүнөн иштөөгө үйрөтөт (китеп, журнал, массалык-маалымат каражаттары, интернет булактары (КК-17);<br>- башталгыч класстын билим стандартына жана куррикулум талабына ылайык алиппе, тил, адабий окуу, математика, мекен таануу предметтеринен күтүлүүчү натыйжага жетүү үчүн сабак өтүүдө түрдүү жолдорду, методдорду, ыкмаларды жана окутуунун каражаттарын колдонууга жөндөмдүү (КК-26).<br><br>**Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент**<br>**Билимге ээ болуу:**<br>• Билим берүүнүн жана профессионалдык ишмердүүлүктүн баалуулуктарынын негизин;<br>• Башталгыч билим берүүнүн мазмунун;<br>• Педагогикалык процессте өз ара карым-катнашты уюштуруу жана өнүктүрүү жолдорун;<br>• Окуу, тарбиялоо, өнүктүрүүгө жетүүгө түрткү берүүчү коопсуздук чөйрөсүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | түзүүнү;<br>• Профессионалдык чеберчилигинин өсүшүнө карата өз билимин өркүндөтүүнү;<br>• Нормативдик документтердин маанисин;<br>• Жаңы педагогикалык технологияларды;<br>• Башталгыч класс үчүн түзүлгөн жаңы базистик окуу планын<br>• Ар бир сабактын план структурасынын өзгөчөлүктөрүн;<br>• Башталгыч класстын окуучуларынын ден соолугун сактоону;<br>**Билгичтикке ээ болуу:**<br>• Алган билимдерин кесиптик ишмердүүлүгүндө өз орду менен пайдаланууну;<br>• Профессионалдык маселелерди чечүүдө жана билим берүүдөгү коопсуздук чөйрөсүн түзүүдө психологиялык жана педагогикалык диагностиканын методдорун;<br>• Нормативдик документтерди окутуу ппоцессинде пайдаланууну;<br>• Жаңы технологияны пайдаланып сабак өтүүнү;<br>• Окуу планына ылайык предметтин өзгөчөлүгүнө жараша сабактарды пландаштырууну;<br>• Сабактардын план конспектисин учур талабына ылайык жазууну;<br>• Сабактын ар түрдүү формаларын өтүүдө заманбап инновациялык методдорду мультимедиялык технологияларды;<br>• Педагогикалык практикада жана кесиптик ишмердүүлүк процесстеринде окутуунун түрдүү ыкмаларын жана жолдорун колдоно алууну;<br>**Көндүмгө ээ болуу:**<br>• Мектепте окутуунун түрдүү ыкмаларды колдонуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болот;<br>• Кесипке байланыштуу маалымат булактарын колдоно билүү, изденүү аркылуу чыгармачылыкка ээ болот;<br>• Ар түрдүү кырдаалдардан чыгуу жолдорун пайдалануу жана өздөштүрө билүү көндүмдөрүнө ээ болот;<br>• Заманбап методдорду изилдөө, колдоно билүү, сабак өтүүнүн ар түрдүү ыкмаларын иштеп чыгуунун жөндөмдүүлүгүнө ээ болот;<br>• Билим берүү, тарбиялоо концепцияларына анализдөө жана тандоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | жөндөмдүүлүгүнө ээ болот; |
| 3. | Тарбиялык иштерди уюштуруунун теориясы жана методикасы | 4 | **1.Дисциплинаны окутуунун максаты:**<br>Башталгыч класстарда тарбиялык иштерди уюштуруп өткөрүүнүн жол-жоболору, технологиялары, усулдары менен таанышуу; курстун теориялык актуалдуу проблемаларын окуп, үйрөнүп чыгуу; илимий изилдөөлөрдү, экспериментерди пайдалануу аркылуу тарбиялык иштердин теориясы жана методикасынын программасын терең окуп өздөштүрүү, практикада пайдалана билүүнү үйрөнүү. Студенттерге "Педагогикалык технологиялар", "Педагогикалык кызматташтык", "Педагогикалык чеберчилик", "Класс жетекчинин аткарган иштери" жана башка маалыматтарды өздөштүрүүгө багыт берүү. Студенттердин өз алдынча иштөөсүнө байланыштуу темалар боюнча көрсөтмө берүү. Кесиптик чеберчилигин жогорулатууга карата усулдарды иштеп чыгуу.<br>***Дисциплинаны окутуп-үйрөтүүнүн милдеттери*:**<br>• тарбиянын теориясы жана методикасы жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү берүү;<br>• тарбия жараянынын принциптери жөнүндө билүү;<br>• тарбиялоонун жалпы методдору жана каражаттары жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу;<br>• балдарды тарбиялоодо жана өнүктүрүүдө коллективдин маанисин ачуу;<br>• инсанга багытталган тарбия жана ага карата уюштурулуучу иш-аракеттерди аткарууга үйрөтүү;<br>• класс жетекчинин тарбиялык иштери боюнча маалымат берүү;<br>• ата-энелер менен иштөөнүн өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу.<br>**2.Дисциплинанын НББПдагы орду.**<br>Сунушталган дисциплина адистик циклдин (тандоо бөлүгүндө **Б.3. КПВ. 3.**) V-VI-VII-VIII семестрлеринде өтүлөт жана студенттердин буга чейин "Адистикке киришүү", "Педагогика", "Психология" курсу боюнча алган билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн пайдаланууга өбөлгө түзүү менен "Тарбиялык иштердин теориясы жана методикасы" дисциплинасын өздөштүрүүгө шарт түзөт.<br>**Бакалавриаттын НББП боюнча калыптандыруунун жыйынтыгы боюнча өздөштүрүүсүнүн ЖКБ боюнча бүтүрүүчүнүн компетенциясы.**<br>НББП боюнча бакалавриаттын бүтүрүүчүсү төмөнкү компетенцияларга ээ |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | болуусу керек:<br>***Жалпы илимий (ЖИК):***<br>• дүйнө жөнүндөгү илимий билимдин системасына ээ, заманбап концепцияларды жана дүйнө картинасын, дүйнөгө болгон көз караш системасын, жаратылыш менен коомдун алдындагы адамдын ордун жана ролун, турмуш жана маданият баалуулуктарын түшүнөт (ЖИК-1)<br>**инструменталдык (ИК):**<br>• педагогикалык процессинин бардык субъекттеринин арасындагы инсандар аралык оң жана иштиктүү мамилелерди уюштурууга, катышууга, башкаруу чечимдерди кабыл алууга жөндөмдүү (ИК-4)<br>**социалдык- инсандык жана жалпы маданияттуулук (СИЖМК):**<br>• мектеп коомчулугунун деңгээлинде инсандык жана кесиптик толеранттуу мамилелерди түзүүнү билет (СИЖМК-1)<br>**кесиптик компетенция (КК):**<br>• педагогикалык кесиптик рефлексиянын негизинде өзүн өнүктүрүү боюнча милдеттерди коё билет (КК-7)<br>• ата-энелер, коллегалар, коомдук өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүгө даяр (КК-11)<br>• -окуучулар жана билим берүү мекемелери, үй-бүлө, тең-туштары жана курбулары, чөйрө, ар кандай коомдук кызмат органдарынын адистери жана башкаруу органдарынын ортосунда ортомчу катары иш алып барууга жөндөмдүү (КК-45)<br>**3.Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент**<br>***Билимге ээ болуу:***<br>• тарбиялык иштердин теориясы жана методикасы предметинин негизги бөлүктөрү жөнүндө;<br>• тарбиялык иштердин теориясы жана методикасы предметинин педагогика илиминдеги ордун жана ролун;<br>• тарбиялык иштерди уюштурууну өз алдынча жүргүзүүнүн технологияларын, усулдарын билет.<br><br>***Билгичтикке ээ болуу:***<br>• алган билимдерин кесиптик ишмердүүлүгүндө өз орду менен пайлануу; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | • тарбиялык иштердин теориясын жана аны уюштуруунун усулдарынын ар кандай түрлөрүн колдонуу;<br>• класстык жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруп, өткөрүүдө педагогикалык жаңы ыкмаларды пайдалануу;<br>• педагогиканын башка бөлүктөрүн окуп-үйрөнүүдө, башталгыч класстарда тарбиялык иштерин жүргүзүүдө, тарбиялык иштердин теориясы жана усулу предметинен өздөштүргөн билимдерин пайдалануу;<br>• иштерди пландаштыруу, долбоорлорду иштеп чыгуу жана талдоо үчүн заманбап маалыматтык-коммуникативдик технологияларды пайдалануу.<br>***Көндүмдөргө ээ болот:***<br>• адистик билим, билүүлөрүн өркүндөтүү жөндөмдүүлүгүнө;<br>• билим берүү, тарбиялоо концепцияларын анализдөө жана талдоо көндүмдөрүнө;<br>• билим берүүдө инновациялык ишмердүүлүктү долбоорлоо мүмкүнчүлүгүнө;<br>• кесипке байланыштуу маалымат булактарын колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрүнө;<br>• заманбап методдорду изилдөө жана аларды шартка байланыштуу колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнө;<br>• мектепте окутуунун методдоруна жана ыктарына;<br>• билим берүүнүн жана педагогикалык ишмердүүлүктүн укуктук нормативдерине. |
| 4. | Правоведение | 2. | **Цель дисциплины** - освоение основных понятий и категорий в праве в целом, а также изучение основных правовых институтов отдельных отраслей права.<br>**Задачи изучения дисциплины состоят:** 1) в формирование представлений о праве, понятий и признаков источников права, правовой системе, соотношению элементов права с государством, обществом и индивидом; 2) в приобретение конкретных знаний в области основ гражданского, трудового, финансового, административного, уголовного и других отраслей права; 3) в формирование умения использовать полученные знания в анализе происходящих процессов в правовой системе, интеграции КР права в международную правовую систему;<br>ПЛАНИРУЕМЫЕ РЕЗУЛЬТАТЫ ОБУЧЕНИЯ ПО ДИСЦИПЛИНЕ, СООТНЕСЕННЕ С ПЛАНИРУЕМЫМИ РЕЗУЛЬТАТАМИ ОСВОЕНИЯ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ПРОГРАММЫ В ходе изучения дисциплины студент должен:<br>**Знать:** - о праве в целом, взаимовлиянии права и государства, генезисе права; - |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | основные правовые термины и понятия, отрасли права и их институты, основные правовые доктрины и системы права.<br>**Уметь:** - применять правовые знания в решении практических проблем; - выявлять и анализировать взаимодействие правовых явлений, видеть их взаимосвязь в целостной системе знаний для реализации права.<br>**Владеть:** - обладать гражданской зрелостью, - высокой общественной культурой и активностью в правовой, политической и культурной жизни.<br>**В результате изучения дисциплины у студента формируется следующие компетенции:**<br>**ОК–1.** Способен критически оценивать и использовать научные знания об окружающем мире, ориентироваться в ценностях жизни, культуры и занимать активную гражданскую позицию, проявлять уважение к людям и толерантность; |
| 5. | Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы | 4 | **1.Дисциплинанын максаты:** студенттер башталгыч билим берүүнүн педагогикасынын маңызы, максаты, мазмуну жөнүндөгү түшүнүктөрүн өстүрүү менен үй- бүлө педагогикасынын мыйзам чененмдүүлүктөрүн, методикасын, тарбиялоонун негизги багыттарын аныктап окутууга багытталат. Окутуу менен тарбиялоонун биримдигин аныктап теориялык жана практикалык иш процесстеринин карым- катнашын ачык айкын далилдер менен окутууга негиздейт.<br>**Милдеттери:**<br>-студенттерде башталгыч билим берүүнүн педагогикасы предметинин өзгөчөлүгү жана маңызы жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандыруу;<br>-келечектеги мугалимдин маданиятын, эрудициясын өстүрүү жана педагогикалык кесипке көздөгөн чыгармачыл, активдүү аракетин калыптандыруу;<br>-студенттерде тарбиялоонун принциптерин жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн калыптандыруу;<br>-студенттерди тарбиялоонун методдору жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандырууга үйрөтүү;<br>-студенттерди башталгыч класстын окуучуларын тарбиялоодо алардын курактык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иш алып барууга багыт берүү;<br>-студенттерди тарбиялоонун курамдык бөлүктөрүн өздөштүрүүгө калыптандыруу;<br>-студенттерди үй бүлөсү менен тыгыз байланышты орнотууга багыт берүү;<br>-студенттерде мугалимдин тарбиялык функцияларын калыптандырууга багыт берүү;<br>- студенттерде класс жетекчинин иши, класс менен жүргүзүлгөн тарбиялык иштерди |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | пландаштыруу көндүмдөрүнө багыт берүү;<br>- студенттерди тарбиялоо процессин пландаштырууга жана педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ кылуу.<br>**2.Негизги билим программасынын структурасындагы дисциплинанын орду:**<br>**Дисциплинанын пререквизити:** Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы дисциплинасын окуп- үйрөнүүдө педагогика, дисциплиналарды окутуунун методиасы (эмгек, сүрөт), башталгыч мектепте математиканы инсанга багыттап окутуу, инклюзивдик билим берүү, тил илимине киришүү таза жазуунун практикуму менен дисциплиналарынан алган теориялык билимдери негиз болот. Студенттин практикадагы байкоолору, социалдык көндүмдөрү дисциплинаны түшүнүүгө жана кесиптик даярдык көрүүгө база болот.<br>**Дисциплинанын постреквизити:** Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы дисциплинасы башталгыч класстын мугалимдерин даярдоодо тарбиялоо процессин пландаштырууга жана педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ кылууга, аларды тарбиялоодо алардын курактык жана индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен иш алып барууга багыт берет.<br>3.Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына болгон талаптар:<br>Дисциплинаны окутуу процесси төмөнкү компетенцияларды калыптандырууга багытталган:<br>**профессионалдык компетенция (ПК):**<br>-инсанга багыттап окутуу принциптерин негизине ылайык (дени сак жашоо, жаратылышты сактоо жана башкаруу, энергетикалык натыйжалуулук, маданий, гендердик, инклюзивдүү билим берүү  ж.б.) билим берүү процессине айкалыштыруу менен туруктуу өнүгүү үчүн оптималдуу шарттарды  калыптандыруу жөндөмүнө ээ (ПК-3)<br>- ар кандай багыттары (обласclub) боюнча окуучулардын өнүгүү денгээлин диагноздой алат (акыл-эстик, социалдык, моралдык, ж.б.), демек, ар кандай терс таасирлерди болтурбоо үчүн алдын алуу иштерин алып барууну билет (зордук-зомбулук, наркотика жана спирт ичимдиктери  ж.б.) (ПК-9)<br>-ата-энелер, коллегалар, коомдук өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүгө даяр (ПК-11)<br>- балдардын жөндөмүн өнүктүрүү үчүн мугалим жана башка балдар менен кызматташууга даяр (ПК-23) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | - окуучулардын  социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүндөгү күчтүү жана алсыз жактарын эске алуу менен  ар бир баланын муктаждыгына ылайык жекече иш алып барууга жөндөмдүү (ПК-25)<br>“Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы” дисциплинасын окутуунун натыйжасында студент:<br>**Билимге ээ болуу:**<br>дидактикалык системаларды, концепцияларды<br>окуу-таанып билүү ишмердүүлүктү ишке ашырууну<br>окутуунун  принциптерин жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн<br>окутуунун формаларын<br>сабак жана анын типтерин,структурасын<br>билим берүүнүн жана профессионалдык ишмердүүлүктүн баалуулуктарынын негизин<br>окуучулардын психологиялык жана педагогикалык өзгөчөлүктөрүн<br>педагогикалык процессте өз ара карым-катышты уюштуруу жана өнүктүрүү жолдорун<br>окутуу,  өнүктүрүүгө жетүүгө түрткү берүүчү коопсуздук чөйрөсүн түзүүнү<br>белгилүү ишмердикти аткарууда зарыл болгон ресурстарды колдонуу<br>окуу планына ылайык, программанын өзгөчөлүгүнө жараша сабактарды пландаштыруу<br>профессоналдык чеберчилигинин өсүшүнө карата өз билимин өркүндөтүү<br>окутуунун методддорун,ыктарын жолдорун жана каражаттарын<br>билим берүүнүн мазмунун<br>профессионалдык этикага жатпаган өзүндөгү инсандык касиеттерди жоюу (апатия, формализм, эгоизм, сабырсыздык)<br>педагогикалык тажрыйбаны топтоо<br>жаңы технологияларды<br>**Билгичтикке ээ болуу:**<br>дидактикалык  концепцияларды колдоно билүү<br>мектептеги билим берүү процессин пландаштыруу, анализдөө<br>психологиялык-педагогикалык диагностиканы жүргүзүү<br>педагогикалык кырдаалдарды прогноздоо жана проектирлөө<br>окутуунун  принциптерин жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн сактоо |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | окутуунун формаларын талдоо<br>сабак жана анын типтерин тандай билүү<br>сабактын структурасын билүү жана план конспект жазуу |
| 6. | Башталгыч мектепте инсанга багыттап окутуу | 4 | **1.Дисциплинанын максаты жана милдеттери:**<br>**Башталгыч класстарда инсанга багыттап окутуу дисциплинасынын максаты-** балдардын жетишүүсүн жана сапатын, мүмкүнчүлүктөрүн жана балдардын жөнөкөй турмуштук көндүмдөрүн жана окуу көндүмдөрүн калыптандыруу менен бирге, мектепте билим алууга болгон мотивациялык даярдыгын камсыз кылуу, ошондой эле бала социалдык позицияны кабыл алууга, алардын укугун коргоого жана милдетин алууга даярдыгын камсыздоо, мектепте окууга керектелүүчү көндүмдөрдү, билимди, оюн тажрыйбаларды өздөштүрүүсүн колдоого алуу жана ар бир балага жекече мамиле жасоо жолдорун, ыктарын, усулдарын тандоо көндүмдөрүн студенттерде калыптандыруу<br>**Башталгыч класстарда инсанга багыттап окутуу дисциплинасынын милдеттери:**<br>-студенттерде инсанга багыттап окутуу предметинин өзгөчөлүгү жана маңызы жөнүндө жалпы түшүнүктөрдү калыптандыруу;<br>-келечектеги мугалимдин маданиятын, эрудициясын өстүрүү жана педагогикалык кесипке көздөгөн чыгармачыл, активдүү аракетин калыптандыруу;<br>-студенттерди балдардын мектепте окууга социалдык- психологиялык даярдыгын, башка балдар жана мугалимдер менен баарлашуусун калыптандырууга үйрөтүү;<br>- студенттерди балдардын мектепке чейинки жана баштапкы билимдин ортосундагы улантуучулукту камсыз кылууга калыптандыруу;<br>- студенттерди балдардын өзүнүн жүрүм- турумун өзү көзөмөлдөй жана жыйынтыктай алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө калыптандыруу;<br>-студенттерде балдардын окуу билгичтикеринин компоненттерин калыптандырууга багыт берүү;<br>-студенттер окуучулар менен жекече иштөө усулдарын, каражаттарын туура тандоого багыт берүү жогорку денгээлдеги тапшырмаларды түзүү<br>-студентке оюн тажрыйбасын топтоого багыт берүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | **2. Дисциплинанын негизги билим берүүчү программанын (НББП) курамындагы орду:**<br>Башталгыч класстарда инсанга багыттап окутуу дисциплинасы: студенттерди инсанга багыттап окутуу билим берүү мекемесинде практикага киргизүү, окутуунун интерактивдүү усулдарын жана жолдорун пайдаланып, окутуунун жаңы техникаларын колдонуу, керектүү педагогикалык жана психологиялык жардамды берүү аркылуу, балдардын калыптанышынын кеңейтүүсү, консультативдик кеңеш менен колдоо жана кооптонбой кабыл алууга даярдык көрүү, баланы түшүнө билүү, убагында колдоо жана мактоо, шыктандыруу жана өз ара аркеттенүүсүн арттыруу, мугалим баланын ден соолугу менен күчтүү жактарына таянуу, жардамдашуу, балага өз алдынча болууга мүмкүнчүлүк берүү , баланын жаңылыштык кетирүүсүнө жана кемчиликтерине эмес, ийгиликтерине басым жасоо, баланын психологиялык коопсуздугун, экологиялык жактан камсыздандыруу, баланын мүмкүнчүлүгүн эске алып инсандыгына шек келтирбөө жана башка ушул сыяктуу билимдерге ээ болот.<br>Башталгыч класстарда инсанга багыттап окутуу дисциплинасы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген (2015-жыл 15-сентябрь, буйрук №1179/1) 550700 педагогикалык билим берүү (профили: Педагогика жана башталгыч билим берүүнүн методикасы) багыты бакалавр академиялык даражасы үчүн жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында, окуу пландарында вариативдик предмет катары күндүзгү окуу бөлүмүндө 8-семестрде 4 кредит өлчөмүндө окутулат.<br>Башталгыч класстарда инсанга багыттап окутуу дисциплинасы боюнча лекциялык жана практикалык сабактарда, студенттин өз алдынча ишинде: инсанга багыттап окутуу баалуулугу жана максаттары, инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери, инсанга багыттап окутуунун мааниси, максаты, окутуунун дифференциялык түрүн мектептерде колдонуу, инсандын өнүгөшүнүн жана калыптанышынын жекелик өзгөчөлүктөрү, интелекттин түрлөрү, тапшырмалардын түрлөрү, окутуунун интерактивдүү методдору, окуучулар менен жекече иш алып барууда мугалимдин компененттүүлүгү, окутуу процессин илимий негизде уюштуруу, новатор-мугалимдердин иш тажрыйбалары, окуу планы жана окуу программасы, мектепте инсанга багыттап окутуунун азыркы күндөгү зарылдыгы жана талаптары, социалдык |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | чөйрөнүн инсанга тийгизген таасири, программалаштырып окутуу көйгөйлөрү, проблемалык окутууда поблемалык методдорду тандоо жолдору, инновациялык мектептер боюнча окуп-үйрөнүп, теориялык билимдерин практикада пайдаланышып, билимдерин бышыкташат, бекемдешет, тапшырмаларды аткарышат.<br>**Дисциплинанын пререквизити-** башталгыч класстарда инсанга багыттап окутуу дисциплинасын окуп-үйрөнүүдө тил, адабият, психология, педагогика, курак анатомиясы, физиологиясы жана гигиенасы, башталгыч мектепте математиканы инсанга багыттап окутуу, башталгыч класстарда математиканы окутуу методикасы, башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы, сүрөттү, кол эмгекти окутуунун методикасы, мекен таануу окутуунун усулу менен дисциплиналарынын түшүнүктөрү негиз болот. Студенттердин 1-2-3-4-курстардагы жана 5-курстун биринчи жарым жылдыгында алган билимдери, педагогикалык- адаптациялык практикадагы байкоолору, социалдык көндүмдөрү дисциплинаны түшүнүүдө чоң мааниге ээ.<br>**Дисциплинанын постреквизити-** башталгыч класстарда инсанга багыттап окутуу дисциплинасы келечектеги башталгыч класстын мугалими адистерин окутуунун интерактивдүү усулдарын, жаңы технологияларын колдонуу , ар бир баланы мектепке тартуу, аларга жагымдуу чөйрө түзүү, коомчулук менен бирге аракеттенүү, ар бир баланын жекече мүмкүнчүлүгүн эске алып мамиле жасоо, тапшырма түзүү, суроо түзүү көндүмдөрүн калыптоого багыт берет.<br><br>**3.Дисциплинаны өздөштүрүүнүн жыйынтыктарына болгон талаптар:**<br>**Дисциплинаны окутуу процесси төмөнкү компетенцияларды калыптандырууга багытталган**<br>- илимий-изилдөө натыйжаларын кесиптик ишмердүүлүгүндө колдонууга жөндөмдүү жана кесиптик милдеттерди чечүүдө психо-педагогикалык компетенттүүлүктөрүн пайдаланууга даяр (ПК-1)<br>-инсанга багыттап окутуу принциптерин негизине ылайык (дени сак жашоо, жаратылышты сактоо жана башкаруу, энергетикалык натыйжалуулук, маданий, гендердик, инклюзивдүү билим берүү ж.б.) билим берүү процессине айкалыштыруу менен туруктуу өнүгүү үчүн оптималдуу шарттарды калыптандыруу жөндөмүнө ээ (ПК-3) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | -окуу-тарбиялык процессте окуучулардын жетишкендиктеринин сапатын жакшыртуу үчун заманбап диагноздоо усулдарын, методикасын жана технологияларын колдоно алат (ПК-10)<br>- жаш курагына, жекече өзгөчөлүгүнө жана атайын билим алуу муктаждыктарын эске алып балдар менен бирге аракеттенет (ПК-12)<br>-окуучуларга өзүнүн турмуштук тажрыйбаларын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берип, рефлексия жана талдоо жүргүзүүнү үйрөтөт (ПК-15)<br>**Дисциплинаны окутуунун натыйжасында студент:** башталгыч класстарда инсанга багыттап окутуу дисциплинасынан<br>**билимге ээ болуу:**<br>-билим берүүнүн жана адистик ишмердүүлүктүн баалуулуктарынын негиздери;<br>-педагогикалык жана психологиялык илимдеринин методдорун, теорияларын жана концепциялардын негиздерин;<br>-окуучулардын психологиялык жана педагогикалык өзгөчөлүктөрүн;<br>-педагогикалык процессте өз ара карым катнашты уюштуруу жана өнүктүрүү жолдорун;<br>- типтүү өнүгүп жаткан балдарды окутуу, тарбиялоо, өнүктүрүүгө карата жекече суроолорду, тапшырмаларды түзүү;<br>-белгилүү ишмердикти уюштурууда зарыл болгон ресурстарды колдонуу;<br>-окуу планына ылайык, программанын өзгөлүгүнө жараша балдарды эске алуу менен сабактарды пландаштыруу;<br>-адистик чеберчилигинин өсүшүнө карата өз билимин өркүндөтүүнү .<br>**билгичтикке ээ болуу*:***<br>-билим берүү, тарбиялоо концепцияларын системалуу түрдө анализдөө жана талдоо;<br>-алистик маселелерди чечүүдө жана билим берүүдөгү коопсуздук чөйрөсүн түзүүдө психологиялык, педагогикалык диагностиканын методдорун;<br>-окуу-тарбиялык процеесте заманбап окуу ресурстарын колдонуу жана окуучулардын сабактан тышкаркы ишмердүүлүктөрүн уюштурууну;<br>-окуу планына ылайык предметтин өзгөчөлүгүнө жараша окуучулардын өзгөчөлүгүн эске алып сабактарды пландаштырууну<br>-ар түрдүү формадагы сабактарды өтүүдө заманбап инновациялык методдорду, мультмедиялык технологияларды колдонуу;<br>**көндүмгө ээ болуу*:*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | -адистик билим, билүүлөрүн өркүндөтүү жөндөмдүүлүгүнө;<br>-билим берүү, тарбиялоо концепцияларын анализдөө жана талдоо жөндөмдүүлүгүнө;<br>-билим берүүдө инновациялык ишмердүүлүктү долбоорлоо мүмкүнчүлүгүнө;<br>-кесипке байланыштуу маалымат булактарын колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрүнө;<br>-заманбап методдорду изилдөө жана аларды шартка байланыштуу колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнө;<br>-мектепте окутуунун методдоруна жана ыктарына;<br>-билим берүүнүн жана педагогикалык ишмердүүлүктүн укуктук-нормативдик домументтери менен иштөөгө жөндөмдүү; |